№1 Пеп. кеңеште каралды.
28.08.2018-ж.

«Бекитемин»
Директор:

Жусупова Б. С.

С. Чокморов атындагы жалпы билим берүү

орто мектебинин окуучулар арасында сакталуучу

**этикалык ченемдер**

Мектепте этикалык ченемдер, Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы окуучулардын, ата-энелердин укугу жана милдетининин негизинде жөндөлөт.

Мектепте окуучунун этика ченемдери, окуучунун Кодексине ылайык болот.

Кодекстин максаты - окуучулардын мугалимдер, ата-энелер жана коомчулук менен мамилесинин негизги формасын аныктоо.

Жалпы жобо:

1. Окуучунун укугун, кызыкчылыгын коргоо мыйзамы, Кыргыз Республикасынын баланын укугунун Конвенциясы, улуттук баалуулуктарга ылайык түзүлөт.
2. Окуучунун этика принциптери:
   - гумандуулук
   - мыйзамга баш ийүү
   - демократиялуулук
   - калыстык
   - өз ара сый мамиле

Окуучунун жалпы этика эрежелери:

– билим алууга, өмүрүүнүн корголушуна, окуу мезгилинде ыңгайлуу шарт түзүп берүүсүнө мектеп милдеттүү;

– уставды жана башка мектептин башка нормативдик документтерин аткаруу;
– билим алууда мектепте алган билим кондумдорун алууда өз активдүүлүгүн көрсөтүү менен, өз оюн билдирүүгө;
– Кечикпей өз учурунда сабакка келүү, сабакка даярданууга мугалимдин бардык тапшырмасын аткаруу;
– окууга эстүүлүк менен мамиле жасоо, артта калган окуучунун окуусуна жардам берүү;
– сабак калтырса, калтыргандыгы жөнүндө документти көрсөтүү;
– мектеп мүлкүн сактоого, башка адамдардын эмгегинин жыйынтыгын, мектепке жана башка адамдарга келтирген зыянды ата-энелердин жардамы менен калыбына келтируу;
– окуучулардын жана мектепте эмгектенген адамдардын эмгегин, кадыр-баркын сыйлоо;
– өзүн-өзү башкарууга, мектеп жана класстык дежурствого катышууга, мектеп участогундагы керектүү жумуштарды, иштерди аткаруу;
– мектептеги ички тартибин, техника коопсуздугун, санитария жана гигиена эрежелерин сактоо жана колдоо;
– мектептин намысын коргоп, ар кандай олимпиадада, конкурс, иш-чараларга катышуу;
– улууга урмат, кичүүгө ызаат мамиле кылууга калыптануу;
– тыныгуу мезгилинде, башкаларга тоскоолдук жаратпай, коридордо чуркабай, үндү бийик көтөрбөй алып жүрүү;
– мектептен сабакка тоскоолдук жаратып, телефон колдонбоо;
– мектепте, үйдө көчөдө жана башка коомдук жайла тартипти сактоо, адептүү болуу, жүрүм-турум эрежелерин, мектептин ички тартип эрежелерин сактоо;
– тамеки, токсикалык жана наркотикалык заттарды колдонбоо, спирт ичимдиктерин ичпөө, мектепке семечка, сагыз ж.б алып келбөө.

Адеп-ахлак комиссиясынын төрайымы:
Мучөлөрү: